**№ 02-034-2024-002038-01-001-001387**

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Кара-Суу шаары 03.05.2024 -ж./г.

Кара-Суу РИИБдин ТКнын башчысынын орун басары милициянын подполковниги Д.Маматалиев, 02-034-2024-002038 саны менен катталган тергоого чейинки материалды карап чыгып,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Билдируу менен Кара-Суу РИИБдин ТКнын башчысы Т.Насиев кайрылган, №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Т.Т.Эргешов Кыргыз Республилкасынын Борбордук шайлоо комиссиясына арыз жолдогон. Арызында 2024-жылдын 4-мартындагы №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө УП №60 жарлыгынын негизинде, №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунда шайлоого үгүт иштерин жүргүзүү учурунда талапкерлер С.А.Ажимаматов, И.Кубанычбеков Орунбаевде жана алардын тарапташтары тарабынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу жана шайлоочулардын добушун сатып алуу жана курамын аныктоо боюнча ыкчам-илиликт иктөө иштерин жүргүргүзүүнү суранган.

Аталган №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин депутаттыгына талапкер Т.Эргешов арызы 2024-жылдын 02-майында Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-002038 саны менен катталган.

Тергөөгө чейинки текшерүү учурунда, талапкер С.Ажиматов апасы Жоош айыл өкмөтүнүн Гайрат айылында туулуп өскөндүктөн, талапкер тарабынан аталган айыл өкмөттүн шайлоочулардын добушун сатып алуу максатында, 2024-жылдын март айында тагасы аркылуу ооз ачар өткөрүп, шайлоочуларга сый тамак бергендиги. Жоош айыл өкмөтүнүн Зарбалик айылынын жаштарына спорттук форма сатып алып бергендиги жана башка убадаларды бергедиги жонундо эл арасында маалымат таркалууда деген факты боюнча күбө катары суралган Жоош айыл өкмөтүнүн Зарбалик айылынын айыл башчысы 14.10.1971-жылы туулган Султанбаев Муратбек Өмүрзакович, Зарбалик айылынын тургунудары 1970-ж.т. Сатыбаев Суйунбай Алыбаевич, 1967-ж.т. Жолдошов Буркан Сабирович, 1970-ж.т. Жолдошов Кубаныч Сабирович, 1970-ж.т. Оморалиев Данияр Эрмекбаевич жана 1978-ж.т. Ажиева Айнура Атаевналар өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө, Жоош айыл өкмөтүнүн Комунизм жана Зарбалик айылдарында Кыргыз Республикасынын ЖКна талапкер С.Ажимаматов тарабынан жаштарга эч кандай спорттук форма сатылып алынып берилген эмес деген көрсөтмө беришкен.

Талапкер С.Ажимаматовду Нариман айыл окмоттун мурдагы башчысы Рахманов Улукбек колдоп, шайлоочулардын добушун чогултууга комок корсоткондугу айтылууда деген маалымат боюнча, 2024-жылдын 4-5-апрель кундору Ош шаарындагы Градиент полиграфиялык борборунда угут материалдарын даярдаганы буюртма бергени Рахманов Улукбек менен бирге киришкенин жана

угут иштери боюнча суйлошушкондугу боюнча 14.01.1975-ж.т. Рахманов Улукбек Исманович суралып, корсотмосундо, озу мурда айылдык кенешке депутаттыкка талапкерлигин койгондо угут иштерин жургузуудо полиграфиялык борборго барып плакат даярдаткандыгын билип талапкер С.Ажимаматов ага ошол ишкананы корсотуп беруусун сурангандыгын, ошондуктан Градиент полиграфиялык борборун корсотуп койгондугун, С.Ажимаматов менен эч кандай мамилеи жок экендигин жана шайлоого угуттоочу катары катышпагандыгын корсоткон.

2024-жылдын 26-27-апрель күндөрү талапкер С.Ажиматов Кара-Суу шаарынын Тельман айылынын тургуну Маматкул аттуу жаран аркылуу шайлоочулардын добушун сатып алуу максатында ар бир шайлоочуга 1000 сом жана 1500 сомдон ачка каражатын тараткандыгы айтылууда деп билдирген. Текшеруу учурунда, Маматкул аттуу жарандын оздугу аныкталып, ал Кара-Суу районунун Тельман айылынын тургуну 28.12.1970-ж.т. Миталов Маматкул Раимкулович экендиги аныкталып, ал корсотмосундо, Ажиматов Сталбектин байкоочусу болуп шайлоо участкасында тургандыгын, бирок 1000 сом жана 1500 сом акча каражаттарын эч кандай шайлоочуларга таркатпагандыгын, шайлоо куну байкоочу катары шайлоо участкасында тургандыгын, автоунаасы менен шайлоого адам ташыбагандыгын жана бир туугандары да шайлоочударды шайлоого ташыбагандыгын, шайлоо куну эч кимге угут иштерин жургузборгондугун, шайлоо буткон сон, С.Ажимаматов менен эч кандай чыр чатакка барбагандыгын корсоткон. Талапкер Кубанычбеков Илимбек тарабынан Кара-Суу шаарынын, Кашкар-Кыштак, Ак-Таш, Жылкелди айылдарынын шайлоочуларына сый-тамак уюштурулуп жаткандыгы боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 01.05.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган.

Ошондой эле талапкер И.Кубанычбеков тарабынан жарандарга материалдык баалуулуктарды тапшыруу, байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен 11-апрель күнү Кара-Суу шаарынын "Аят" кафесинде Ооган согушунун 32 ардагерине, добуштарды сатып алуу максатында сый-тамак тартуулап, конверттерде накталай акча бергендиги, сый-тамакка Ооган согушунун ардагерлеринин төрагасы Таалай аттуу жаран жана Тойчиев Карим аттуу жаран аркылуу чакырылып, сый-тамак учурунда талапкерге добуш берүүгө чакыруулар айтылгандыгы боюнча, 2024-жылдын 26-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001901 саны менен тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 01.05.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган.

Ушундай эле сый-тамакты 18-апрель күнү Кашкар-Кыштак айылынын Маданият үйүнүн аянтында аудио концерт түрүндө уюштуруп, 50 жаранга 5000 сомдон накталай акча таратылгандыгы, сый-тамак маданият үйүнүн жанындагы Вали аттуу жаранга таандык кафеде уюштурулгандыгы тууралуу маалыматтар боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 01.05.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган.

Кашка-Кыштак айылынын жашоочулары менен жолугушуу учурунда талапкер И.Кубанычбеков тарабынан жарандарга байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добушун сатып алуу факты маалым, тактап айтканда Кашка-Кыштак айыл аркылуу Кенжекул жана Ак-Таш айылынын ортосундагы тосулган темир жолду ачып беремин деп убадалаган факты боюнча 2024-жылдын 30-апрель күнү Кара-Суу РИИБдин КБР МЭЖне 02-034-2024-001988 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынгы менен 2024-жылдын 01-майында кылмыш иш козгоодон баш тартылган.

№5201 Ак-Жар шайлоо участкасынын шайлоочулары менен жолугушууда талапкер И.Кубанычбеков, Ак-Жар айылына расмий статус алып берүү, жаштар үчүн спорт аянтчасын жана бала бакчаны жеке өзүнүн каражаттарынан салып берүүнү убада бергендигин айыл жашоочулары айтышууда деген факты жана

2024-жылдын 28-апрель күнү талапкер И.Кубанычбековдун тарапташтары жергиликтүү кенештин депутаты Кашкар-Кыштак айылынын тургуну Масадикова Мавлуда жарандардын добштарын сатып алууга көмөк көрсөтүп, айыл тургундарын өзүнүн автоунаасында шайлоо тилкесине ташып барып, И.Кубанычбековго добуш берүүгө үгүттөгөн деген факты боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 01.05.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган. 2024-жылдын 28-апрель куну саат 07:30-08:00 чамаларда, бир нече жергиликтүү тургундар талапкер Орунбаевдин плакаты жайгаштырылган жжарандардын үйүнө бастырып барышып, зөөкүрлүк кылып жана зомбулук кылып, плакатын алып салуу талап кылышкан. Аталган жарандын тоу Боркулова Мехман аттуу жарандарды ут создор менен согуп, улуттар аралык араздашууну козутууга чакырыктарды таштап мыйзам бузган. Натыйжада Боркулова Мехман Кара-Суу аймаактык ооруканасын кайрылгандыгы жонундо маалымат айтылууда деген билдируусу боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001952 саны менен катталып, 28.04.2024-жылы кылмыш иш козгоодон баш тартылган.

Талапкер И.Кубанычбеков, Жогорку Кенештин депутаты Н.Алимбековдун расмий жардамчысы, жакын тууганы жана өкүл баласы болгондуктан, үгүт иштерин жүргүзүүдө жана шайлоо күнү административдик ресурсту колдонуу, шайлоочулардын добушун сатып алуу, талапкер жана анын тарапташтары тарабынан мыйзамсыз убадаларды берүү орун алган. Талапкер И.Кубанычбеков тарбынан үгүт иштерин жүргүзүү үчүн  Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенештин депутаты Н.Алимбеков тарабынан мыйзамсыз каржылоо жүргөн деген маалыматтар боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 01.05.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган.

Талапкер Орунбаев Турдубек тарабынан 2024-жылдын 21-22-апрель күндөрү Жоош айыл өкмөтүнүн Мамажан айылынын спорт аянтчасында жаштар үчүн спорттук иш-чараларды өткөргөндүгү, спорт оюндарын уюштуруп өткөрүүгө жана жеңүүчүлөргө сыйлыктарга каражатты Т.Орунбаев тарабынан төлөнүп, спорт аянтчасынна талапкердин үгүт баннери дайгаштырылган деген маалыматтар боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 01.05.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган.

2024-жылдын апрель айында Манас айыл өкмөтүнүн Алим-Дөбө айылына шайлоочулар менен жолугушуу учурунда, айылга медресе салдырып беремин, ал эми 26-апрель түнү Кара-Суу шаарынын архитектрасы жайгашкан көчөсүн мечитинин имамы Абдулла аттуу жаранга жолугуп, мечитинерди оңдоп беремин деп мыйзамсыз убадаларды бергендиги жана “Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 28-бер. “шайлоо алдындагы үгүттү өткөрүүдө, үгүттүк материалдарда тикелей жана кыйыр өздөштүрүп алынган маалыматтык бөлүктөрдү жана элементтерди (сүрөттөлүштөрдү) көрсөтүүгө же башка пайдаланууга же диний тематикага шилтеме жасоого жол берилбейт” деп белгиленген, бирок талапкер Т.Орунбаев тарабынан жарандаор менен жолугушууда 2024-жылдын 21-апрель күнү Жоош айыл өкмөтүнүн Кызыл-Сарай айылында жана ОШК тарабынан уюштурулган жолугушуу учурунда диний тематикага шилтеме жасап, жарандардын эркин добуш берүүсүнө таасир тийгизген деген факты боюнча Алим-Төбө мечитинини имамы 10.07.1949-ж.т. Мурзарахимов Махаммадали Абдусатарович суралып, корсотмосундо 2024-жылдын 23-апрелинде Токтасинов Мухаммадамин Наиб имамы (Абдулла) Туркия мамлекетине сапарга кеткендигин, 2024-жылдын апрель айында Жогорку кенештин депутаттыгына талапкерлер келбегендигин, талапкерлерден эч кандай жардам сурабагандыгын корсоткон.

2024-жылдын 28-апрель күнү Кара-Суу шаарынын Рахимов көчөсүнүн Икрам аттуу тургуну үгүт иштерин жүргүзүүгө тыюу салынгандыгына карабастан, өзүнө таандык мамлекеттик белгиси 1145 сандуу көк түстөгү Тико автоунаасында жарандарды шйлоо тилкесине жеткирип, үгүттөп Т.Орунбаевге добуш сатып алуу аракеттерин жасагандыгы, ошондой эле Кара-Суу шаарнынын П.Лулумба көчөсүнүн жашоочусу Махпуза аттуу жаран Т.Орунбаевге шайлоочулардын добушун алып берүү максатында, алдын-ала жарандардын паспотторун чогултуп алгандыгы боюнча маалымат, 2024-жылдын 28-апрель күнү Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001955 саны менен катталып, тергоого чейинки текшеруу жургузулуп, жыйынтыгында аталган факты такталбагандыктан, 28.04.2024-жылы кылмыш иш козгодон баш тартылган.

№9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Т.Т.Эргешовдун Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына жолдогон арызы боюнча, талапкерлер С.Ажимаматов, И.Кубанычбеков жана Т.Орунбаевдердин жана алардын тарапташтарынын аракеттеринде кылмыштын курамы жана укук бузуунун курамы аныкталбагандыктан, Т.Эргешов арызында көрсөткөн фактылар Кара-Суу РИИБи тарабынан текшерилип, бул учурга чейин да чечимдер кабыл алынгандыгын эске алуу менен кылмыш иш козгоодон баш тартууну мыйзамга ылайыктуу деп эсептеймин.

Себеби Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 27-бер. 1-бөл. 2,6-пункттарында корсотулгондой, эгерде жосунда кылмыштын курамы болбосо жана тергөөчүнүн, прокурордун жакка карата ошол эле жосун боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу же болбосо ишти кыскартуу жөнүндө жокко чыгарылбаган токтому болсо кылмыш иш козголушу мумкун эмес экендиги көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 6-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 6 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-002038 саны менен катталган материал боюнча кылмыш иш козгоодон баштартылсын.
2. Токтом менен кызыккан тараптар тааныштырылып, укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун бир нускасы көзөмөл иретинде Кара-Суу районунун прокуроруна жиберилсин.

Кара-Суу РИИБдин ТКнын башчысынын орун басары — Маматалиев Данияр Аскарбекович